УДК 373.31
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-166-169

**МАДУМАРОВА М. К[1]., ЮСУПОВА А.М[2].**
Ош мамлекеттик университети[1]
Ж. Баласагын атындагы КУУ[2]
**МАДУМАРОВА М. К., ЮСУПОВА А.М.**
Ошский государственный университет
КНУ имени Ж. Баласагына
**MADUMAROVA M.K., YUSUPOVA A.M.**
Osh State University
KNU J. Balasagyn

# БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЕБИН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

## СПОСОБЫ УЛУЧШЕНИЯ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

## WAYS TO IMPROVE THE SPEECH OF ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала башталгыч класстарда балдардын кебин өркүндөтүүгө багытталган билим берүү методдору талкуулоого арналган. Башталгыч класстарда биринчи пайдубалы коюлуп, мотивациялык чөйрө калыптанат, акыл-эстүү жөндөмдөр өнүгөт жана ал келечектеги инсандык өсүшкө таасир этет. Мына ушул себептен, башталгыч билим берүү методдору жана окутуу каражаттары балдардын сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталышы керек. Окуучулардын сөз байлыгын жана сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн эне тилин окутуунун маанилүүлү. Текстте, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү өнүктүрүү үчүн колдонулган рецептивдүү, репродуктивдүү жана продуктивдүү методдор боюнча практикалык тапшырмалар сунушталат. Башталгыч класстын окуучулары үчүн бул методдор окуу процессинде билимди тереңирээк жана натыйжалуу өздөштүрүүгө, ошондой эле алардын ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылыгын өркүндөтүүгө жардам берет. Мектептерде эне тилин үйрөнүү, текстти түшүнүү жана өз алдынча мазмун түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу – бул балдардын кийинки билим алуусуна негиз түзүп, аларды келечектеги билимге даярдайт.

**Аннотация:** Статья посвящена обсуждению педагогических методов, направленных на совершенствование речи детей начальных классов. В начальных классах закладываются первые основы, формируется мотивационная среда, развиваются интеллектуальные способности, что влияет на дальнейший личностный рост. По этой причине методы и средства обучения в начальной школе должны быть направлены на развитие речевых навыков детей. Важность обучения родному языку для развития словарного запаса и навыков говорения учащихся. Предлагаются практические упражнения по рецептивным, репродуктивным и продуктивным методам построения текста, фраз и предложений. Учащимся начальной школы эти методы помогают глубже и эффективнее усваивать материал в процессе обучения, а также развивать мышление и творческие способности. В школах изучение родного языка, понимание текста и развитие навыков самостоятельного создания контента закладывают основу для последующего образования детей и готовят их к будущему обучению.

**Abstract:** The article is devoted to discussing educational methods aimed at improving children's speech in primary grades. In primary grades, the first foundation is laid, a motivational environment is formed, intellectual abilities are developed, and this affects the future personal growth. For this reason, primary educational methods and teaching aids should be aimed at developing children's speech skills. The importance of teaching the mother tongue for the development of students' vocabulary and speech skills. Practical tasks are offered on receptive, reproductive and productive methods used in the text to develop phrases and sentences. For primary school students, these methods help to more deeply and effectively assimilate knowledge in the learning process, as well as to improve their thinking and creativity. Learning the mother tongue in schools, developing the skills of understanding the text and creating independent content - this is the basis for children's further education, preparing them for future education.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класстар; кеп; сүйлөө жөндөмү; билим берүү тармагы; сөз байлыгы; методика; коммуникативдик функция; түшүнүү; рецептивдүү методдор; репродуктивдүү методдор; продуктивдүү методдор.

**Ключевые слова:** начальные классы; речь; речевые навыки; образовательная сфера словарный запас; методика; коммуникативная функция; понимание; рецептивные методы; репродуктивные методы; продуктивные методы.

**Keywords:** primary grades; speech; speaking skills; educational field; vocabulary; methodology; communicative function; comprehension; receptive methods; reproductive methods; productive methods.

Азыркы учурда билим берүү тармагы башталгыч класстагы окуучулардын кебин өркүндөтүүдө бир катар кыйынчылыктарга туш болуп жатат. Башталгыч класстарда балдар билим алуу процесстеринин негизин түзүшөт, ошондуктан бул курактагы окуучулардын сүйлөө жөндөмүн жакшыртууга өзгөчө көңүл бөлүү абзел. Себеби бул көндүмдөрдү жөнгө салбаса, балдар программаны андан ары түшүнүүдө кыйынчылыкка дуушар болушу мүмкүн.

Башталгыч билим берүү мезгили – бул баланын жашоосундагы өтө маанилүү жана сезимтал кезең. Бул мезгилде билимдин биринчи пайдубалы коюлуп, мотивациялык чөйрө калыптанат, акыл-эстүү жөндөмдөр өнүгөт жана ал келечектеги инсандык өсүшкө таасир этет. Мына ушул себептен, башталгыч билим берүү методдору жана окутуу каражаттары балдардын сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Кепти өнүктүрүү маселеси салттуу түрдө эне тилин окутуунун теориясында жана практикада негизги маселелердин бири катары каралган. Бул тармак ар дайым педагогика, психология жана филология сыяктуу бир канча илимдердин чордонунда болуп келген. Учурда кепти өнүктүрүүгө арналган көптөгөн илимий изилдөөлөр бар. Кыргыз тилин окутуунун методикасында сүйлөө жөндөмүнө көңүл буруу биринчи этаптарда эле башталган. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун алгачкы негиздери И. Арабаев, К. Тыныстанов жана С. Нааматов тарабынан коюлуп, кийинчерээк Э. Бердибаев, С. Турусбеков, К. Сартбаев, Б. Рысбекова сыяктуу окумуштуулар тарабынан өнүктүрүлгөн. Окуучулардын кебин өркүндөтүү С. Нааматовдун методикасында да белгиленген. Окумуштуу сөз айкаштарын жана байланыштуу сүйлөмдөрдү өнүктүрүүнүн жолдорун караган. Башаталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда грамматикалык материалдар менен гана чектелбей, тилдин практикалык колдонулушуна да көңүл бурулушу зарыл.

Учурда мектептерде окуучулардын сүйлөө жөндөмдөрүн ар тараптуу үйрөтүүгө жана активдүү сөз байлыгын жакшыртууга басым жасалууда. Мектептин негизги милдеттеринин бири – бул балдардын ой жүгүртүүсүн, билимин жана анын негизинде ар кандай тапшырмаларды чечүү жөндөмүн өнүктүрүү. Ошондуктан башталгыч класстарда окуучулардын кебин өркүндөтүү өтө маанилүү маселелердин бири болуп саналат, жана бул ишти өздөштүрүү аларга сөздүн так айтылышын, анын туура колдонулушун үйрөтүү аркылуу таанып-билүү процессинин негизин түзөт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн "Кыргыз тили жана адабий окуу" предметинин стандарты (2022) [1], ошондой эле башталгыч класстар үчүн Кыргыз тили жана адабий окуу программасы (2022) менен кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин сүйлөмдөрдү өркүндөтүү аркылуу окутуу боюнча окутуу ченемдери иштелип чыккан [2]. Аталган чен-өлчөмдөргө таянып, кыргыз тили жана адабий окуу сабактарын окутууда башталгыч класстардын окуучуларынын функционалдык сабаттуулугун, коммуникациялык жана окурмандык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталып келет.Алдыбызда окуучулардын сабаттуулугун, ой жүгүртүүсүн, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө чоң жоопкерчилик турат.

Текстти талдоо, структуралаштыруу, кайра иштеп чыгуу, окуунун ылдамдыгын арттыруу сыяктуу талаптар башталгыч класстарда окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган жагын карап чыгуу талап кылат [6]. Анткени окуучулар эне тилин үйрөнүү жана текстти окуп, түшүнүүсүн калыптандыруу башка сабактарды да үйрөтүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылат.

Кептин эң маанилүү функцияларынын бири – коммуникативдик функция. Башталгыч класстын окуучуларынын кебин өнүктүрүү үчүн атайын түрдүү көнүгүүлөр жана тапшырмалар берилет. Окуучуларынын кебин

өнүктүрүүдө түрдүү методдорду колдонуп жүрүшөт. Окуучулардын кепти өнүктүрүү процессинде **рецептивдүү**, **репродуктивдүү**, жана **продуктивдүү методдор** өз ара тыгыз байланышта жана өзгөчө мааниге ээ. Ар бир метод кепти өнүктүрүүнүн өз алдынча милдеттерин аткарып, окуучулардын тилди өздөштүрүү деңгээлин жогорулатууга багытталган.

**Рецептивдүү методдор** окуучуларга текстти кабыл алуу, түшүнүү жана эсте сактоо жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Бул методдор аркылуу окуучулар тилди үйрөнүүнүн негизи болгон сөз байлыгын топтойт жана кеп үлгүлөрүн өздөштүрөт. Алардын сөздөрдү жана тексттерди туура кабыл алуу көндүмдөрү калыптанат.

**Репродуктивдүү методдор** окуучулардын практикалык кептик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Бул методдор текстти кайра түзүү, кайталоо жана сүйлөмдөрдү грамматикалык жактан туура куруу аркылуу кепти иш жүзүндө колдонууга үйрөтөт. Бул методдордун өзгөчөлүгү – берилген маалыматтардын негизинде иш-аракет кылууга багытталгандыгы.

**Продуктивдүү методдор** чыгармачылыкка жана изилдөө иштерине басым жасап, окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүп, мазмундуу тексттерди түзүүгө багыттайт [5]. Бул методдор аркылуу окуучулар ойлоп табуу, текст түзүү жана мазмунду талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Ошондой эле, продуктивдүү методдор балдардын чыгармачылыгын жана кептик көз карашын активдештирүүгө шарт түзөт.

Төмөндө аталган методдор боюнча практикалык тапшырмаларды сунуштайбыз. Бул тапшырмалар башталгыч класстын окуучуларына ылайыкташтырылган жана кепти өнүктүрүү максатын көздөйт.

1. Рецептивдүү методдор боюнча тапшырмалар.

Максат: Окуучулар текстти угуу, окуу жана кабыл алуу аркылуу кеп жөнүндө маалыматтарды түшүнүүгө үйрөнүшөт.

1-тапшырма: Текстти түшүнүү

Берилген текстти окуңуз (мисалы, "Булбул" жомогу). Андан соң, төмөнкү суроолорго жооп бериңиз:

1. Булбул хандын сарайында эмне үчүн капаланды?

2. Хан булбулду эркиндикке коё бергенден кийин эмне болду?

2-тапшырма: Эреже менен окуу

Берилген грамматикалык эреже менен таанышыңыз: Сүйлөмдөрдө так убакытты танда Андан кийин ушул эрежени колдонуп, төмөнкү сүйлөмдөрдү толтуруңуз:

1. Мен кечинде _________ окуйм.

2. Алар эртең менен _________ барышат.

3-тапшырма: Жаттоо

- "Жигит элин сагынат, булбул ырын сагынат" макалын жаттап, досторуңарга түшүндүрүп бериңиз.

2. Репродуктивдүү методдор боюнча тапшырмалар

Максат: Окуучулар кепти практика жүзүндө калыптандырып, текст жана сүйлөм түзүү көндүмдөрүн өркүндөтүшөт.

1-тапшырма: Сүйлөмдөрдү түзүү

Ыз. Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, үч кыска сүйлөм түзүңүз:

1. Мекен

2. Булбул

3. Эркиндик

2-тапшырма: Текстти кайра айтып берүү.

"Булбул" жомогун кыскача кайра айтып бериңиз. Бирок сиз текстти өз сөздөрүңүз менен өзгөртүп айтып көрүңүз. Мисалы:

- Жомоктун мазмунун өзүнчө башталыш жана аяктоо менен толуктаңыз.

3-тапшырма: Бузулган сүйлөмдөрдү оңдоо.

Берилген сүйлөмдөрдү туура формасына келтириңиз:

1. Хан алтындан сайрап турган булбулга үй салдырды.

2. Өзүнүн көз жашы мекенин көзүнөн булбулдун агып сагынды.

3. Продуктивдүү методдор боюнча тапшырмалар

Максат: Окуучулар чыгармачылыкка, текстти түзүүгө жана мазмунду өз алдынча иштеп чыгууга үйрөнүшөт.

**1-тапшырма: Текст түзүү.**

"Менин сүйүктүү жерим" деген темада кыска текст жазыңыз. Текстте төмөнкү суроолорго жооп бериңиз:

1. Сиздин сүйүктүү жериңиз кайда жайгашкан?

2. Ал жердин өзгөчөлүгү эмнеде?

3. Ал жакка барган сайын сиз эмнени сезесиз?

**1-тапшырма: Жомок ойлоп табуу.**

- "Эркиндикти издеген кичинекей куш" деген темада жомок түзүң1. Жомоктун

башталышын, негизги окуясын жана аяктоосун ойлоп жазыңыз.

2. Каармандарыңыздын аттарын жана мүнөздөрүн сүрөттөп бериңиз.

**3-тапшырма. Теманы талдоо.**

Берилген тексттен (мисалы, "Булбул" жомогу) төмөнкүлөрдү аныктап жазыңыз:

1. Тексттин негизги темасы жана идеясы.

2. Хандын жана булбулдун мүнөздөрү.

3. Өз оюңуз боюнча тексттен кандай сабак алдыңыз?

Бул тапшырмалар окуучулардын кабыл алуу, кайталоо жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган. Ар бир тапшырма ар башка деңгээлдеги жөндөмдөрдү иштеп чыгууга шарт түзөт.

Кепти өнүктүрүүдө үч негизги методдун ар бири маанилүү ролду ойнойт жана бири-бирин толуктап турат. Окуучуларга кепти кабыл алуу, кайра калыптандыруу жана өз алдынча текст түзүү мүмкүнчүлүктөрүн берүү аркылуу гана тилди терең өздөштүрүүгө жетишүүгө болот. Мугалимдер бул методдорду окуучулардын деңгээлине жараша натыйжалуу айкалыштырып, ар бир балага кептин күчтүү жана ар тараптуу куралы катары калыптанышына жардам берүүсү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Бекбоев И.Б., Алимбеко А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Бишкек, 2012, 25-б.

2. Рысбаев С. Окуучунун сүйлөө ишмердиги (теориялык жана практикалык маселелер). Мектеп мугалимдери жана жогорку окуу жайынын окутуучулары үчүн. – Бишкек, 2013, 50-б.

3. Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн “Кыргыз тили жана адабий окуу” предметтик стандарты, 2022, 3-б.

4. Башталгыч класстардын программасы. Кыргыз тили жана адабий окуу. – Бишкек, 2022, 4-б.

5. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Вестник КНУ, 2024, № 3(119), с. 38-45.

6. Юсупова А.М. Самостоятельная работа на уроке как форма развития самостоятельности учащихся // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, № 2(114).

**Рецензент: д.пед.н., профессор Добаев К.Д.**